Н.Рахманов атындагы орто мектеби.

# Өрт коопсуздугунун жана техникалык коопсуздук боюнча негизги эрежелер

# АЛТЫН ЭРЕЖЕ

- *Бири-бирин сыйлоо*
- *Кол көтөрүп сүйлөө*
- *Өз оюн айта билүү*
- *Бирөөнүн оюн уга билүү*
- *Убакытты туура пайдалануу*
- *Сабакка активдүү катышуу*

# САБАКТЫН МАКСАТЫ:

*Коопсуздук деген эмне?
*Сактануу эрежелери тууралуу жалпы түшүнүк алат
*Сабакта үйрөнгөндөрүн турмушта колдонууга үйрөнөт
















15
malenkajastrana.my1.ru




01















# 101




darin.kz







# Коопсуздук техникасын сактоо эрежелери

1. Ток туташтыруу жана өчүрүүчү булактар ишке даяр болушу керек.
2. Техника каражаттары ишке жарактуу болушу керек.



3. Ток булагына иш башталарда гана туташтыруу зарыл.
4. Техника каражаттары менен тааныш гана адамдар иштей алышат.
5. Ток булагына туташтыруучу жерлер бузулган болсо, анда өз алдынча иш жүргүзүүгө болбойт.
6. Техникалык каражаттар тарбиячынын жетекчилиги астында колдонууга тийиш.
7. Балдар жанына ар кандай учтуу буюмдарды алып жүрүүгө тыюу салынат.
8. Тайпалардагы бардык буюмдарга аяр мамиле кылуу зарыл.



# Коопсуздук боюнча менин 8 эрежем.

1. Мен жашаган дарегимди, ата-энемдин аттарын, телефон номерлерин жатка билем. Ошондой эле мен жардам берүү кызматтарынын телефон номерлерин да билем:

101-өрт өчүрүү
102-милиция
103-медициналык жардам

2. Мен дайыма ата-энемдин жанында болом. Эгерде мен бир жакка баргым келсе, алардан уруксат сураймын. Кайда барарымды жана качан келеримди сөзсүз айтам.

3. Эгерде мага бир жакка барууга туура келсе, мен жалгыз барбаймын, досум менен барам. Коркунучтуу кырдаалдарда досум экөөбүз бири-бирибизге жардам беребиз.

4. Эгерде менин жанымда ата-энем жок болсо, чоочун адамдар менен эч жакка барбайм, алардын колунан эч нерсе албайм.

5. Ата-энемсиз чоочун машинага эч качан олтурбайм.

6. Эгерде адам мага жакпаса, мага колун тийгизүүгө, мени менен сүйлөшүүгө жол бербейм. Эгерде чоочун адам колун тийгизип, сөзгө тарткысы келсе, мен «ЖОК»-деп бекем жана катуу айтам.

7. Эгерде мен кооптуу кырдаалдарга туш келсем, мен ишенген адамдарга дароо айтамын. Мен алар менен дайыма кеңешемин, мен аларга сырымды айтып беремин, мен ишенген адамдар-менин ата-энем, же мен жөнүндө кам көргөн, мен сүйгөн жакын адамдарым.

8. Мен бул эрежелерди дайыма сактаймын.

Мен бактылуу жана чың ден соолукта болгум келет.
Мен буларга татыктуумун.
Мен бул эреже менен таанышмын: